DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Молдоканова К.И., Зарипбек кызы А.*

# ЭКОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯНЫН БАШАТЫ СӨЗ ЖАНА АДАБИЯТ

*Молдоканова К.И., Зарипбек кызы А.*

# СЛОВО И ЛИТЕРАТУРА ИСТОЧНИК ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

*K.I. Moldokanova, Zaripbek kyzy A.*

# THE WORD LITERATURE IS A SOURCE OF ENVIRONMENTAL EDUCATIONS

*УДК: 37.033*

*Бул макалада учурдагы дүйнө элин тынчсыздандырган экологиялык тарбиялоо, анын негизги каражаты элдик фольклор, сөз экендиги баяндалат. XX1 кылым дүйнө элдеринин экологиялык көйгөйү көбөйгөн, чочулашкан коркунуч туудурган кылымдын башталышы болду. Илим жана техниканын өсүшүнүн таасири адамзаттын жаратылышка болгон туура кайдыгер эмес мамилесинин жыйынтыгы экологиялык кыйроого алып келди. Кыргыз элинин фольклордук чыгармаларындагы жаратылышты коргоо идеясынын берилиши боюнча мисалдар келтирилет. Анын тарбиялоодогу орду, таасири жөнүндө көрсөтүлөт. Азыркы учурдагы айлана-чөйрөнүн булганышы жөнүндөгү айрым маселелер айтылат. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун: "Жаратылыштын экологиясы деп кыйкырабыз, жаныбыздын экологиясына кам көрбөйбүз" – деген оюнун тегерегинде айрым көрүнүштөр жөнүндө да айрым ойлор айтылып, мисалдар келтирилди. Айрым өлкөлөрдөгү табиятты булгай турган зыяндуу желим баштыктар, пластик бөтөлкөлөрдү колдонбоо жөнүндө көрүлгөн чаралар жөнүндө мисалдар келтирилет. Айрым интернеттерден алынган маалыматтар колдонулуп, маалыматтар берилди.*

***Негизги сөздөр:** экология, жаратылыш, айлана-чөйрө, тарбия, сактоо, булганыч, турмуш-тиричилик, тазалык, жаныбарлар, канаттуулар, фольклор.*

*В этой статье говорится об экологическом воспитании, которое волнует всех людей в данное время, и основным средством борьбы с экологией показано в народном фольклоре народа. В XX1 веке для людей во всем мире увеличились проблемы с экологией и этот век стал для них началом угрозы. С развитием науки и техники люди стали безразличны по отношению к природе и это привело к разрушению экологии. В произведениях кыргызского фольклора наглядно показывается идеи о защите природы. И в произведениях излагается мысль о позиции воспитания и о его влиянии. О загрязнении окружающей среды высказываются некоторые писатели. Великий писатель Чынгыз Айтматов говорил, что "Мы кричим об экологии природы и не заботимся об экологии души". Во многих странах обсуждают и одобряют мнение писателя. Например, в некоторых странах ведутся работы о прекращении пользования пластиковых бутылок, целофановых пакетов и других предметов, которые приносят вред природе.*

***Ключевые слова:** экология, природа, окружающая среда, воспитание, защита, загрязнение, быт, чистота, животные, птицы, фольклор.*

*This article talks about environmental education that worries all people at a given time, and the main means of dealing with the environment is shown in folklore people. In the 21st century, environmental problems increased for people around the world, and this century was the beginning of a threat to them. With the development of science and technology, people became indifferent to the relationship of nature and this led to the destruction of the environment. In the works of Kyrgyz, folklore clearly shows ideas about the protection of nature. In addition, in the works of thought outlines the position of education and its influence. About the pollution of the environment expressed by some writers. The great writer Chyngyz Aitmatov said, "We shout about the ecology of nature and do not care about the ecology of the soul." In many countries, they discuss and approve the opinion of the writer. For example, in some countries, work is underway to stop using plastic bottles, plastic bags and other items that are harmful to nature.*

***Key words:** ecology, nature, environment, education, protection, pollution, life, cleanliness, animals, birds, folklore.*

XXI кылым адам цивилизациясынын бүгүнкү күндөгү динамикасы, демократиялык коомдун, турмуштук маданий кырдаалдардын шайкеш өнүгүүсү, гуманизм принциптеринин реалдуу калыптануусундагы проблемалар менен бирге дүйнөдө экология маселеси чоң мааниге ээ болду. Экологиялык көз караш татаал коомдук, социалдык кубулуш болуп, адамзат менен табияттын ортосундагы көп кырдуу байланыштарды, карама-каршылыктарды, ажырагыс биримдикти туюп, кабылдоону жана түшүнүүнү камтыйт.

Экологиялык сабаттуулук, түшүнүк, билим ар бир инсандын өздүк өнүгүүсүнүн маанилүү талабы, маданияттуулугунун ажырагыс бир бөлүгү болуу менен руханий калыптануусунда тамыр алуусу зарыл. Бала тили чыгып, айлананы баамдап, туя баштагандан эле реалдуу дүйнө менен байланышып курчап турган дүйнөнүн баалуулугун, коордугун баалай билүү тарбиясы кыргыз элинде байыртан калыптанган экен.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Баланы курчап турган, чөп, гүл, таш, суу жана жаныбарлар менен көрсөтүп, тааныштырып, анын атын атап, кайталатуу менен тамыр алыштырып жакындан мамиле түзүлөт. Ар кандай табият байлыктарын колдонуу, аны аярлоого баланын аң-сезимине көндүм алдырат. М.: Агып жаткан суунун ичине кол чайкаганда чекеге алып, суунун ичине колдун кирин тамызбаган. Көчүп, журт которгондо айлананы тазалап, кагылган казыктарды сууруп, таштанды калтырбай, "жакшыны журтунан тааны" - деген. Кооз өскөн гүлдөрдү үзбөй, анын кооздугуна көз талдыра суктанууга балдарды тарбиялаган. Куштардын сайраганын, булактын шылдырын, айлананын кооздугун бармактай бала кезинен каны-жанына жакын туюп, таңкы шүүдүрүмдү, аптап сиңген ысык топуракты баскан таманы менен өзүнө сиңирген, таза абаны искеп, ат жалында өсүп чыйраак, сезимтал, мээнеткеч, намыскөй болуп өскөн кыргыз баласынын ден соолугу да чың, ниети таза болуптур.

Учурда Кыргызстанда эле эмес дүйнө элинде курчап турган айлана-чөйрөнүн ыңгайсыз шарттары жөнүндө сөз болгондо коомчулук, үй-бүлөө, маданият, тазалык, ден соолук бирге каралып, "экология" деп, алапайыбызды таппай калдык. Медицина илимдеринин доктору Анатолий Игонин: "Жердин ден соолугу жакшы болсо, адамдардын да ден соолугу жакшы болот" - деп айткандай адамзат жерди сактасак таза, туура пайдалансак ден соолугубуз чың болот.

Жер шарында адам баласынын санынын өсүшү, жаратылышка болгон терс таасиринин көбөйүшү, илим менен техниканын өсүшү экологиянын чоң проблемасынын жаралышына алып келди. Төгөрөктүн төрт бурчун чочулаткан жаратылышты коргоо Кыргыз Республикасынын мыйзамынын №35 беренесинде "Айлана-чөйрөдөгү жаратылыш байлыктарына жана тарыхый эстеликтерге сарамжал мамиле жасоо ар бир атуулдун ыйык парзы" деп жазылган. Ал эми кыргыз элинин каада-салтында же көркөм чыгармаларында болсун, ар бир тарбиялык кадамына жаратылышты коргоо идеясы ажырагыс биримдикте болгон. М.: " Чөптү кордосоң көзгө сайылат", "Иче турган сууңа какырба да, түкүрбө", "Туулган жердин топурагы алтын",– деген насыят сөздөр, жоого аттанганда туулган жердин топурагын түйүп алуу, үйгө кирген жыланга ак чачуу жана башка ушул сыяктуу адаттар кыргыздын улуттук тарбиясынын өзөгүн түзүп, жаратылышты, элин-жерин сүйүүнү байыртан эле баланын каны-жанына сиңирип келген. Улуу педагог Сухомлинский "Тарбия жөнүндө" деген эмгегинде "Балдар мектепке чейинки куракта курчап турган жаратыылыштын кооздугун, музыканын, оюндун, элдик чыгармачылыктын укмуштай кереметин сезип өсөт" – деп айткандай кыргыз эли өнөрдүн бардык тармактарында укмуштай кереметти сездирген, таалим-тарбия берген [5, 37].

Адабият – турмуштун окуу китеби. Бул сабак аруу сезимдердин, терең ой-жүгүртүүлөрдүн, толгонуулардын, турмуштук татаал көрүнүштөрдүн, адамдык ар түрдүү тагдырлардын, ар түрдүү мүнөздөрдүн очогуна от жагып, казанында кайнаткан сабак. Тарбиялоонун ар түрдүү тармагынын булагы - адабият сабагы.

Адабият сабагынын негизги максаты – балдардын айлана-чөйрөгө, турмушка болгон эстетикалык мамилесин калыптандыруу, жаратылыштын сулуулугун, асылдыгын көрө билүүгө, ыймандуулукка, бийик идеяларга үндөө, жакшы сапаттарга тарбиялоо. Элибизде бул тарбиянын жөрөлгөсү ата-эне мектебинен калыптанып келди. М.: Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт. Жыландай арбоо, ташбакка жүрүш, коен жүрөк, түлкүдөй куу деген сыяктуу айтылган макал-ылакап, же сөз тизмектери кеңири колдонулуп, жомок же ыр, табышмактар айтылат да балдарды жаныбарлар, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө таанып билүүсүн жаратат.

"Манас" эпосунда:

"Жылкы, койго жарашкан,  
Жылтыркан менен шыбагы.  
Көк шибери көйкөлөт,  
Сарымсагы жайкалат" - дегенди укканда жылтыркан, шыбак, шибер, сарымсак деген чөптөрдүн түрлөрү тааныштырылып, айлана-чөйрө менен байланыштырып, көңүл буруу, байкоосун өстүрүү менен жаратылышты сүйүүгө тарбиялай тургандыгы айтпаса да түшүнүктүү болуп турат. Бул эпостогу мындай мисалдарды санап келтирсек сансыз, тамыры терең. Кийин өнүгө баштаган жазма адабияттын алгачкы учурунан эле өзгөчөбалдар адабиятынын негизин мын ушундай идеялар түздү [6, 239].

Ар түрдүү адепке тарбиялоочу максаттар айбанаттардын образдары аркылуу берилип, алардын жашоо шарты, өзгөчөлүгү жөнүндө билим, түшүнүк берилип, тарбияланат. М.: Алгачкы балдар үчүн жазылган чыгармалардан болгон К.Баялиновдун "Чабалекей менен жылан", "Түлкү менен суур" жомоктору элдик жомоктордун идеясын, жолун улантты. Жаныбарлар жашоосу жөнүндө берилип, аларды коргоо идеясы айтылды. А.Осмоновдун:

"Кумурска, кумурска,  
Кыйын экен жумушка.  
Талыкпаган мээнеткеч,  
Татынакай турмушта" - деген саптары кумурсканын мээнеткечтигин көрсөтүп, эмгекке тарбияласа, Р.Рыскуловдун "Турналар" деген ырында:

"Саякатчы турналар,  
Алыс уча тургандар,  
Туулган жерди кыя албай

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Учасыңар кыялай" - деп турналар менен тааныштырып жана Ата-Журтка болгон сүйүүнү алар аркылуу берет. Акын Курбанбай Калдыбаевдин "Чабалекей" деген ырында:

"Мурас үчүн кам жеген экөөсүңөр,
Кезек менен кыш коюп кетесиңер.
Алдабаган, сөкпөгөн бирин бири,
Силер бизден эстүүрөөк экенсиңер" - деген саптарын окуганда ар бир инсан ынтымактуу жашоонун, адептин туу чокусун чабалекейлерден көргөндөй, жүрөгү селт этет.

Ар бир элдин мамлекеттик символикалары да табият менен тамырлаш. Кыргыз Гербиндеги Ала-Тоо, күн, буудай, бүркүттүн биригүүсүнөн болсо, Гимнде:

"Ак мөңгүлүү, аска зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоону мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар" - деп айтылып, кыргыз жеринин ар бир ташы, чөбү, топурагы менен элибиз кандаш, жандаш экени сыймыктануу менен айтылат. Кыргыз эли тоодо туулуп, тоодо өскөн, мүнөзү да өздөрү мекендеген тоолор менен мүнөздөш келет. Руханий маданияты, турмуш шарты, тарыхы Ала-Тоо менен байланыштуу. Ошол Ата-Журтту сүйүп, аны көздүн карегиндей сактоого тарбиялоо эрте жаш куракtan башталат. Башталгыч класстарда "Карлыгачтар мен силерди сагындым", "Жер эне берген ырыскым", "Пайда жана зыян", "Менин айылым" деген сыяктуу темалардын үстүндө ой жүгүртүүгө багыттап, оозеки, жазуу түрүндө пикирин билдирүүгө көнүктүрүү зарыл. Баланын жан дүйнөсүнө ата-бабадан байыртан калган жаратылышты сүйүүгө, тарбиялоо үчүн;

1. Айлана чөйрө менен байланыштыруу.
2. Көркөм чыгармалар аркылуу тарбиялоо.
3. Жаныбарлардын жашоосу, ыйыктыгы жөнүндөгү "Бугу эне", "Алпкаракуш", "Булбул", "Сүтак" жана башка жомоктор менен тааныштыруу.
4. Айрым ыйык жерлерге сыйынуунун максатын, себебин түшүндүрүү менен балалык кыялдануу жаратып, ишенимдерин арттырып, реалдуу чындыкты таанып билүүгө жеткирүүнүн да мааниси чоң. Ар бир айтылган сөзүбүз, сабакта келтирүүчү мисалдарыбыз да жаратылыш, анын кубулуштары менен байланышкан. М.: Жер бетине күн шооласын чачканда койлор жайыла баштады. Иңир киргенде коенек корко баштады. Бул сүйлөмдөрдү талдап, көнүгүү иштөө менен жаратылышка жакындатат. Көркөм чыгармалардын кайсы жанрында болсо да табияттан бөлүнбөй, анын кооздугу сүрөттөлөт, адам маанайына байланыштырылат. Кыргыз элдик чыгармаларда атам замандан бери эле табиятты кордоп, ач көздүк кылса, ал жөнүндө кам көрбөсө, адамзат катуу кордукка кала тургандыгы, эгер жакшылык кылса эселеген жакшылык кайтаргандыгы айтылып келет. "Кожожаш" эпосу – эзелтен эле табиятка кыргыз элинин экологиялык идеясын сактагандыгынын далили.

Эпостогу Кожожаштын жаратылышка болгон калпыс мамилесинен болгон кыйроо, анын аскадан түшө албай, ажал табуусуна алып келет. Муну менен жаратылышты сактабаса адамзатка чоң коркунуч алып келе тургандыгы айтылып, экологиялык мыйзамын жарыялайт. Мындай идея, көз караш тарбия бардык кыргыз эпосторунда жолугат. Табиятка таттуу мамиледе болуу идеясы жөө жомоктордо да орун алган. "Алтын куш" жомогундагы башкы каарман өз максатына карышкырдын жардамы менен жетет. Карышкыр да, ата-энесине өмүр берген жалгыз түп алма да табияттын байлыгы. Ачка калган карышкырга атын союп тоюндурган балага ал ашыгы менен кайтарып жардам кылды. Бул жомок ата-энени сыйлоо, кам көрүү менен бирге экологиялык тарбиянын даамын таттырат. М.: "Кожожаш" эпосундагы Сур эчкинин жазалоосун, "Алтын куш" жомогундагы баланын жакшылыгына карышкыр ыраазы болуп, жардам берет. Бул жомокто экологиялык тарбия менен катар ата-энени сүйүү, урматто сыяктуу нравалык тарбия да берилет. Ата-энеси үчүн алманы алып кеткен Алтын кушту издеп чыккан бала өз өмүрүн тобокелге салды. [2, 67].

Улуу педагог А.С. Макаренко айткандай бала өзүнүн жакындарын, ата-энесин жакшы көрбөсө, анын мекенге патриот болуп чыгышына ишеним жок. А.С.Пушкин: "Жомок калпына карабастан, жакшы жакка багыт берет да, адамзаттарга сабак болот",- деген сонун пикирин айткан. Башкача айтканда экологиялык тарбиянын башаты – кеп жана адабият экендиги эзелтеден калыптанып калган тарбия.

Кыргыз коомчулугунда ынсапсыздык деген да тескери таасир этип, жаратылышты коргогонго залакасын тийгизип жатат. Адам баласы жаратылыш байлыктарына туура, аны кадырлап, сүйүү менен мамиле жасабай, ач көздүк, сугалактык менен мамиле жасоо улам өсүп олтуруп азыркы учурда чоң көйгөйлөрдү, кыйроолорду пайда кылууда. Табиятты ар кандай кырсыктардан коргоо адамзаттын, ар кандай илим-техниканын колунан келбей калды. Айыл жери менен шаардагы жашооөзгөчөлүгүнө карай табиятка мамиле жасоо сөзсүз айырмаланат. Суу, булактар, жер бети, аба шаарга караганда айылда таза. Айылдын эли дайыма кам көрүп, тазалап турушат. Ал эми шаарда бул көрүнүш жок. М: Ош шаарында Ак-Буурадан шаар ичине бөлүнүп аккан суулары таштандыларга толгон. Ыйык Сулайман тоосунда да таштандылар толтура. Ал тургай жыл сайын атайылап эле от коюп, өрттөп жиберишет. "Жаратылыштын экологиясы деп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кыйкырабыз, жаныбыздын экологиясына кам көрбөйбүз” - деген улуу жазуучубуз Ч.Айтматов айткандай көрүп турсак да акылыбыз жетип, алыбыз жетпей кам көрө албай келебиз. Дүйнөдө жапайы жаныбарлар, токой моссивдери өсүмдүктөр, булганган суу, аба түп тамырынан бери табиятты өзгөртүп, жасалма жол менен пайда болгон техногендик чөйрөнүн айрым элементтери да терс таасирин тийгизип жаткандыгы маалым.

Полиэтилен баштыктары менен пластик бөтөлкөлөрдүн турмуш-тиричиликке кеңири кирип, колдонула башташы экологияга терс таасирин тийгизип, көңүл бурууучу орчундуу маселени жаратты. Эсептөөлөр боюнча азыр дүйнөдө ар жыл сайын бир миллион канаттуулар, жүз миңдеген деңиз жаныбарлары мына ушундай зыяндуу заттардан кыйроого учурайт экен. Мындай зыяндуулугунан Дания 1994-жылдан бери соода жайларында колдонгондорго атайын салык салуу каралгандан кийин 90% кыскарган. АКШда аны колдонуудан баш тартышкан. Австралиянын айлана-чөйрөнү коргоо боюнча министри Питер Гаррет: “Мен укумдан-тукумга үйүлгөн таштандыны таштап кетким келбейт. Бул өтө кыйын абалга алып келет” - деп коомчулуктун көңүлүн бурган. Бул ойду бардыгыбыз колдосок жакшы болмок. Полиэтилендин ордуна кагаз баштыктарын колдонууга Латвия, Франция, Россия, Финландия, Кытай, Италия сыяктуу өлкөлөр да өткөн. Кыргызстанда да бул маселеге кайрылып, колдонбоо керек экендигин сунуштаган адистер аз эмес. Өзүбүз көрүп, билип турган айрым көрүнүштөрдү айтсак өтө көп сөз болот. Шамалга учкан желим баштыктар учуп жетпеген аймак калбай баратат. Алыскы жайыттарда оттогон малдар аны чөп менен кошо жеп алып, союп салууга туура келгени эл арасында көп айтылууда. Ошону менен катар дүйнө жүзүндө машиналардын көбөйүшү да зыяндуу экендиги белгилүү. Илимий жактан далилденген айрым фактыларды алсак: төрт миллион таза сууну булгоо үчүн төрт литр майлоочу май жетиштүү болот экен. Бул көлөмдөгү суу элүү адам үчүн бир жылга жетет. [5, 6] Кум-Төр алтын кенин иштетүү кандай гана чоң зыяндарды алып келди. Кытай тарабынан иштетилип жаткан ар кандай кен байлыктарыбыздын зыянын өзүбүз тартып жер, суу, абанын да булганганын көрүп, билип жатабыз. Экология бардык жер шаарыбызда бузулуп жатканын кичинекей баладан чоң адамга чейин сезилүүдө. “Биз жашай турчу башка жер шары жок” – деп дүйнөдөөтүп кеткен улуу акылман Стивен Хокингдин сунушу сыяктуу бүгүнкүдөн эртеңкиге чейин “жаңы жер шарларын” таап, ал жерлерде жашай алганыбызга караганда айлана-чөйрөнү коргоп жана жер шарын жашаганга боло тургандай сакташыбыз керек. Ар кандай таштандыларды өрттөлгөндө жер, аба булганып жатат. Кереметтүү Ысык-Көлдүн булганып жатышы, жээктеги толгон таштандылар, ал тургай жакында эле ыктыярдуу жаштардын көл түбүнөн жыйнап чыккан, үйүлгөн таштандыларды көргөндө жан кейитет. Бул эмне деген кайдыгерлик. Жогорку Кеңештин депутаттары экологиянын эртеңин ойлогон атайын мыйзам да кабыл алыша элек. Болгону 2015-жылы парламентте бул маселе көтөрүлүп, кайра унутта калган [5, 6].

Табигый жана таза айлана-чөйрө келечектеги муундарга берилүүчү эң чоң мурас. Кыргыздын кооз, таза табиятын сактоону байыркы бабалардын жолу, улуу сабагы менен улантуу биздин милдетибиз.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Полное собрание сочинений. - 8 томдугу.
2. Байдөөлөтөв Н. Кулназаров Б. “Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары”. - Ош, 1994.
3. “Воспитание школьников”. - 2001. - №7.
4. Иманалиев К. “Кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын орчундуу проблемалары”. - Ф., 1986.
5. “Кыргыз туусу” гезити. - 26.10.2018. - №82.
6. “Манас” эпосу.
7. Сухомлинский В.А. “Тарбия жөнүндө”. - Ф. “Мектеп” - 1985.
8. “Эл агартуу”. – 1992. - №2; 1994. - №10.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Даминова И.**